УДК:32

Урманбетова Н.

*КМУУ*

# «УЛУУ КЫРГЫЗ ДЕРЖАВАСЫ» ЖАНА БУЛ МАСЕЛЕНИН ТАРЫХ ИЛИМИНДЕ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Кыргызстан жана кыргыздардын тарыхы бүткүл дүйнөлүк тарых процессинин бир бөлүгү болуу менен бирдикте IX-X кылым аралыгындагы ата-бабаларыбыздын тарыхы, бул илимде эле орчундуу орунду ээлейт экен дагы, академик В.В. Бартольд тарабынан акыйкат түрдө бул доор «Улуу Кыргыз Державасы» деп аталган. Бул мезгил аралыгында орто кылымдарда биринчи жолу Борбордук Азия уруулары анча чоң эмес Түштүк Сибир көчмөн элдеринин бийлик астында турган.

IX-X кылымды камтыган окуяда активдүү орунду элөө менен бирдикте, Борборду Азияда кыргыздардын турмушу бул өзү эле кыргыз тарыхына кызыгууну алып келет.

Уйгур каганаты менен болгон узакка созулган согушта кыргыздар жеңишке жетишет да, Азиянын кең аймагына бийлигин орнотушу, тарыхта өзгөрүлгүс из калтырышты.

Дегеле кыргыздырдын «Улуу Кыргыз Державасы» жөнүндө кытай маалыматтары өтө аз, бирок билгилей кетчү нерсе, IX-X кылымдар аралыгындагы маалыматтар араб, перс жазууларында кеңири кездешет, бул бөлөк окуя, буга кийинчээрек токтололу.

Азыркы милдетим: Ли-Вей-Гун Хойчан И Пинь Цзинин жана Енисей кыргыздарынын ортосундагы байланыш.

Бул эмгектин жайындысы, Тан императорлору Вэньцзун жана Уцзуне тушунда, Тан министири Ли –Дэ-Юем (786-849) тарабынан түзүлгөн. Китептин биринчи жана экинчи бөлүмүнүн толуктоосунда Енисей кыргыздары жөнүнүндө маалымат бар. Кытай жана кыргыз байланыштары бул кытай булагында 632 жылдан башталгандыгы айтылат.

Тайцзун кыргыздардын ээлигине Ван И- Хуна аттуу өкүлүн жиберди, мына ушундан баштап Таньбаонун (742-755) бийлигине дейре кытай булактарында кыргыз өкүлдөрүнөн кытай сарайына келип кетип тургандыгы айтылат [1].

Цень-Юань бийлиги учурунда (758-759) кыргыздар-уйгурлар тарабынан талкаланды жана кыргыз кытай байланышы бир топ убакытка дейре токтоду деп айтылат бул маалыматта.

Кыргыз хандары уйгурлардан айырмаланып, башынан эле Тан сулалеси менен достук мамилени түзүүгө аракеттенишкен. Кыргыздардын мамиле түзүүсү бекеринен эмес эле. Себеби, биринчиден, Кытай империясы күчтүү феодалдык мамлекет болгон, бул кыргыз коомунун кандайдыр бир деңгээлде өнүгүшүнө шарт түзгөн. Экинчиден, кыргыздар башка бир уруулар менен байланыш түзүүсүндө Түрк жана башка бир каганаттардын тоскоолдугунан коргонуу үчүн, үчүнчүдөн, Кытай империясынын колдоосунун негизинде, Енисей кыргыздарына империясы тез өнүгүүгө мүмкүнчүлүк алган. Төртүнчүдөн, Кытай империясы менен мамиле түзүүнүн негизинде, Таластагы, Тяньшандагы, Иле өрөөнүндөгү, Ысыккөл жээктериндеги кыргыз уруулары Чыгыш Түрк каганатына көзкарандысыз болгон. Бөтөнчө белгилей кетчү нерсе, «кыргыз» термини б.з.ч. 201 кытай булактарында кездеше баштаса да, бирок, бөлөк тил жазма булактарында кыргыз аты жокко эсе болгон. Качан гана Түрк элдери өздөрү жазууну үйрөнүп, жаза баштаганда эң алгач, VII к. башында Кыргыз каганы Барсбектин аты эскерилген.

Ошентип, тарых окуялары көрсөткөндөй, башында Барсбек турган кыргыз

мамлекети VII к күчтүү кудуретке жетишкендиги тууралуу тарыхый булактарга таянуунун негизинде баяндап, бул инсан жөнүндө кичине болсо да кыстырма жазбасак туура болбой калар эле.

Себеби, «Улуу державанын» башаты мына ушундан башталып жатпайбы.

VII к аягында Борбордук Азияда чоң саясий өзгөрүү болду. Коңшу урууларына коркунуч туудурган, күчтүүлөрү биригүүнүн жолун издеген, алсыздары өз ыктыярлары менен булардын курамына кирген, экинчи түрк каганаты түзүлгөн. Бул күчтүн башында кыргыз мамлекети турган. Мамлекетти ажо Барс-бег башкарган.

Барсбек өз учурундагы көрүнүктүү саясий ишмер болгон. Ал кыргыз династиясынын байыркы көрүнүктүү урууларынын биринен чыккан. Төрт бир тууганды эң кичүүсү болгон. Эрте эле атадан калган. Барсбектин уруусу Умай-Эненин колдоосундагы уруу катары эсептелинип, туугандары сейрек кездешүүчү «Умайбек» титулун алышкан.

Барсбек алган «ажо» титулунун узун тарыхы бар. Мамлекеттин сырткы саясатындагы жетишкендиги үчүн мамлекеттик жогорку башкаруучуларды мына ушул «ажо» же болбосо «каган» титулун алышкан. Акыркы «ажо» титулун 1701 ж кыргыздан чыккан адер судьясы Ботя алган экен.

Улуу Держава доорунда туруктуу калктын кыргыздар менен өз ара аралашуусунун негизинде «кыргыз» этнонимин алып жүргөн бир топ катмар пайда болгон. Жеңилген калк кыргыздардан көп нерсе үйрөнгөн. Мисалы, согуш саясатында, X кылымдагы Орто Азиядагы жазылып калтырылган булактардын биринде, кыргыздар дейт, булар эр жүрөктүүлүгү жана согуш ишин жакшы билгендиги менен коңшу турган уруулардан чоң айырмаланат деп белгиленген.

Ошентип, IX-X кылымдар аралыгында Борбордук Азияда «кыргыз» этноними кеңири жайылды.

Өздөрүн кыргыз эсептеп, бул уруунун курамында болсо да, ортолорунда маданий диндик көзкараште, чарбасында дегеле жашоо шартында абдан чоң айырмасы болгон.

Уйгурлар менен болгон жыйырма жылдык убакытка созулган согуштун жыйынтыгы тарых баракары көрсөткөндөй, кыргыздар тарапта болуп олтурат. Жеңилген уйгур калкынын бир бөлүгү Батыш Түркестанга, Монголияга жана Мончжурияга, дегеле койчу, туш тарапка тарап отурат.

Бул убакыт, ичинде же болбосо IX-X к. аралыгында кыргыздарда башкаруу, бир гана согуштук административдик системага өткөн. Енисейлик кыргыздардын жогорку бийлиги бул «курултай» эсептелинген. Ички жана тышкы саясатты «курултай» гана чечкен. Жергиликтүү бийликти болсо, «бектер», «бийлер», «тархандар» башкарган.

Эмки сөздүн нугун жергиликтүү бийликти башкарган өкүлдөрдүн иш максатынан баштасак.

Бийлер, бектер-аткаруу бийлигинин өкүлдөрү болгон. Булардын максаты аскерди тамак-аш жана күнүмдүк керектөөлөр менен камсыз кылыш керек болгон.

Тархандар саясий бийликтин өкүлдөрү болгон. Улуу Державанын аймагы Байкалдан Жетисууга, азыркы Красноярскиден, Томскиден, Улуу Кытай дубалына жана Батыш Түркестанга чейин созулган.

Ушундай элес менен «Улуу Держава» көпка созулган жок. X кылымда кыргыздардын көпчүлүк бөлүгү Борбордук Азиядан Саян тоо кыркаларын көздөй бет алышты. Мындай кетүүгө Енисейлик кыргыздар мажбур болушту. Себеби, Борбордук Азиядагы токтоосуз согуштун кесепетинен, дыйкандар иштеткенге жер, кол өнөрчүлөр иштегенге иш табуу өтө кыйын болуп калды. Бул кылым аралыгында кыргыздар, Алтай жана Батыш Монголияны гана кармап турган.

Мына ошентип Кыргыз Державасы күчү ылдамдык менен жоголуп, күн баткандай

кайсыл бир тарапка батып бара жатты.

Бирок, эң негизгиси «Улуу Держава» аз же көп өмүр сүрдүбү, тарых барактарында «Держава» аталып дүңгүрөгөн из калтырып, тарых булактарында «Улуу Кыргыз Державасы доору делинип тарых барактарына жазылып калды.

**Адабияттар**


1. Малабаев Дж. М. История Государственности Кыргызстана. -Б.: Илим, 1997.
2. Койчуев Т., Мокрынин В., Плоских В. Кыргызы и их предки. -Б., 1994.
3. Коллектив авторов. У истоков кыргызской национальной государственности. -Б., 1996.
4. Супруненко Г.П. Документы об отношениях Китая с Енисейскими кыргызами источники IX века.// Изв. Ан. Кир. ССР - Сер общ. наук.- Ф., 1963 г.-Т.5.-В.1.-С. 67.